Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№05 (213) 2022-жыл, декабрь

Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# Жаңы жылда - ЖАҢЫ БРЕНД

## Бренд жөнүндө...

Бренд кайсы бир өндүрүштүн, мекеменин же компаниянын башка бир мекемеден өзгөчөлүнүп туруусунун, анын баалуулуктарынын, идеяларынын, мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы болуп саналат.

Бренддин түзүмүнө: имидж, лого, түстөрдүн айкалышы, шрифти, урааны, стратегиялык багыттары, концепциясы, герб, желек, гимн ж.б. кирет. Булардын бардыгы бирдиктүү логикалык бүтүндүктү түзүүсү абзел. Дүйнө жүзүндө беделдүү компаниялар, мекемелер өздөрүнүн бренди аркылуу сапаттуулугун, таанымалдуулугун, уникалдуулугун айгинелеп келет. Ошондой эле, бренддин маанилүү компоненттеринин бири бүтүндөй компаниянын, кызматкерлердин же анын продукциясынын абрoю болуп саналат.

Замандын өзгөрүүсүн, университет 4.0 муунуна айлануу багытын эске алып, окуу жайда эмгектенген бир топ кызматкерлердин сунушу менен Ош мамлекеттик университетинин жаңы бренди иштелип чыкты.

Брендди жасоодо университеттин бай тарыхы, учурдагы абалы жана келечек багыттары эске алынды. Ал үчүн атайын жумушчу топ эки ай бою иш алып барды.






## Урматтуу ОшМУнун жалпы жамааты!

Күн айды, ай жылды курап, мезгил кербени сапарын улап, саат жебеси кагылып, кучагына ырыскыны батырып, 2023-жыл кирип келди жаңырып.

Узап кеткен жылда жамаатыбыздын ынтымагы бекемделип, ой-максаттар топтолду, ордендүү ОшМУну ийгиликтер коштоду.

Жаңырган жылда биримдикти туу тутуп, дилибизге аруулукту уютуп, жумушубузда жоопкерчиликти сезип, студенттерибизге татыктуу таалим-тарбия берип, окутуучулар билим сапарын кезип, бири-бирибизге ишеним жаралып, жарык нур чачып жашайлы!

Жаңы жылда үй-бүлөңүз эсен, ден соолугуңуз бекем, тилегиңиз изги, жүзүңүздө күлкү, ийгилигиңиз мол, бийиктикке жол болсун!

Ынтымак-ырашкерликте, ОшМУ менен бирге кадамыбыз арымдап, билим берүү сапарында бир түндүккө биригип, жаратмандыкта жаңы мейкиндиктерди чогуу багынталы!

Студенттерибиздин ийгилиги артып, жүздөрү жайнасын. изденүүдөн талбасын. Экзамендери беш болуп, жайкы окууга калбасын!

**Жаңырган жаңы жылыбыз кут болсун!**

**Ак тилегим менен,**
**ОшМУнун ректору,**
**Кудайберди Кожобеков**



# ОшМУнун 4 студенти Президенттик стипендияга ээ болду

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 16-декабрда 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы менен өлкөнүн жогорку окуу жайларынын мыкты деп табылган 70 студентине Президенттик "Үмүт" стипендиясын тапшырды.

ОшМУнун Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин студенти Жыргалбек уулу Амантур, Педагогика жана психология факультетинин студенти Акылай Тилебалдыева, Дүйнөлүк тилдер жана маданияты факультетинин студенттери Акбермет Орунбаева жана Асел Сагындыкова.

Жеңүүчүлөр ОшМУнун студенттери арасында 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы менен Президенттик стипендияга талапкерлерди аныктоо боюнча университеттик тандоо турунун жыйынтыгы менен тандалып алынган. Жеңүүчү студенттердин



окуудагы, илимдеги, спорттогу жана коомдук, социалдык иштердеги мыкты жетишкендиктери каралган.

Студенттердин ар бири 60 миң сомдон стипендияга ээ болушту.

# ОшМУнун студенттери 1200 АКШ доллары өлчөмүндө стипендия алышты



Өлкөдө студенттик эң ири өлчөмдөгү стипендия болуп саналган ОшМУнун «Атуулдук стипендиясы» быйылкы окуу жылында 10 студентке тапшырылды. Гүлбурак Бегматаева Юридика факультетинин студенти, Дияна Исламова Математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти, Эльвира Боромбаева Чыгыш таануу жана тарых факультетинин студенти, Бегимай Рысалиева Орус филологиясы факультетинин студенти , Бекболсун Сатыбаев Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенти, Олжобай Тойчубек уулу Кыргыз филологиясы жана журналистика факульететинин студенти, Сайдулло Сулайманов Эл аралык мамилелер факультетинин студенти, Уулкан Кубатбек кызы Физика-техника факультетинин студенти жана Медицина факультетинин студенттери Айпери Нурбек кызы, БегимайАширова Атуулдук стипендиянын ээси болушту.

Стипендияны салтанаттуу тапшыруу аземи 26-декабрда өттү. Ага ректор Кудайберди Кожобеков, ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова окуу жайдын окутуучулук, студенттик жамааты катышты.Салтанттуу тапшыруу аземинде ар бир стипендианттар тууралуу видеороликтер көрсөтүлүп, студенттерге үлгү болчу мыкты жетишкендиктери көрсөтүлдү. Ошондой эле, иш-чарага президенттик стипендия ээлери да катышты.

2022-2023-окуу жылында сынактын ар бир жеңүүчүсү айына $100, бир жылда жалпы суммасы $1200 стипендия алышат. Бул стипендия ОшМУда эмгектенген, илимдин доктору, профессор меценант агай тарабынан берилип келет. Агай өзүнүн өмүр бою жыйнаган мүлкүн банкка төгүп, аны окуу жайга мурастап, мыкты окуган, өзгөчөлүккө ээ болгон студенттерге стипендия кылып берүү оюн билдирген. ОшМУнун жетекчилиги бул стипендияны 50 жыл бою төлөөгө банк–профессор агай–университет болуп, үч тараптуу келишим түзүшкөн.

# ОшМУ Ололо-хаус коворкинг борбору жана "Алайку Органикс" компаниясы менен кызматташат



ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Оштогу Ололо-хаус коворкинг борбору жана "Алайку Органикс" компаниясынын жетекчилиги менен эки тараптуу кызматташуу келишимине кол койду.

Бул кол коюу аземине окуу жайдын илимий иштер боюнча проректору Руслан Арапбаев, административдик-чарба департаментинин директору Алтынбек Зайнидинов, ОшМУнун Жаштар бизнес паркынын жетекчиси Эрлан Камалов, аталган Жаштар бизнес паркында тренингден өтүшкөн студенттер катышты. Алар Ололо-хаус коворкинг борбору жана "Алайку Органикс" компаниясы менен жеринен таанышып, алардын иш процессин көрүп, өндүрүлгөн азыктары тууралуу маалыматтарды алышты.

Келишимдин алкагында мындан ары ОшМУнун Жаштар бизнес паркында билим алып, түрдүү долбоорлор менен алектенген студенттер эми Ош шаарындагы ири компаниялар менен биргеликте иш алып бара алышат.

# Ыктыярчы студенттер элеттик жарандардын санариптик көндүмдөрүн калыптандырышат

21-декабрда ОшМУдагы DigiKonush санариптик көндүмдөр борборунун студенттик ыктыярдуу тобу менен ректор Кудайберди Кожобеков жолукту. Анда окуу жай жетекчиси студенттерге алдыда жасай турган иштерине ийгилик каалоо менен аларды долбоордун аягына чейин жигердүү катышууга чакырды.

Алсак, 30га жакын студент улан-кыздар ыктыярчы катары “Санариптештирүү аркылуу айыл жамааттары үчүн ачык келечекти куруу” DigiKonush долбооруна тандалып алынган. Алар долбоордун алкагында тренердик көндүмдөрдү өздөштүрүшөт. Жыйынтыгында элеттик аялдардын жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн санариптик технологияларды колдонууга



үйрөтүп, түрдүү тренингдерди өтүшөт.

# Студенттердин мыкты бизнес идеялары иш жүзүнө ашырылат

Жаштар бизнес паркынын кезектеги тренинги жыйынтыкталып, 36 студентке ректор Кудайберди Кожобеков сертификаттарды тапшырды. 5 күндүк тренингдин жүрүшүндө стартап долбоорлору бар студенттер рынокту туура анализдөө, атаандаштыкка жөндөмдүү товар же кызмат көрсөтүү секторун түзүүнү үйрөнүштү. Ошондой эле алар бизнес-турдун жүрүшүндө Ош шаарындагы алдыңкы, ийгиликтүү ишканаларды кыдырып, таанышышты.

Тренинг USAID жана Ага Хан Фондунун биргелешкен «Жергиликтүү өнүгүү» долбоорунун алкагында Ош мамлекеттик университетинин Жаштар Бизнес Паркы менен биргеликте ишке ашырылды.

Жаштык буа - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

ОшМУ өз ишмердүүлүгүн тынымсыз кеңейтип, билим мейкиндигин багындырууда. Заман талабына ылайык өнүгүп, улам жаңы долбоорлорду, максаттарды ишке ашырып, келечекке ишенимдүү кадам таштоодо. Учурда окуу жай дүйнөлүк университеттердин Qs рейтингине кирүү аракетин баштады.

Жыл ичиндеги окуу жайдын жетишкендиктери, алдыдагы пландары тууралуу окуу жайдын ректору, профессор Кудайберди Кожобеков биз менен ой бөлүштү.



# КЕЛЕЧЕГИБИЗДИ ӨЗҮБҮЗ АНЫКТАЙБЫЗ



## ДҮЙНӨЛҮК РЕЙТИНГДЕГИ АЛДЫҢКЫ УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН КАТАРЫНА КИРЕБИЗ

2022-жылы Президенттин жарлыгы менен өлкөдөгү алдыңкы беш окуу жайга өзгөчө статус берилди. Анын катарында Ош мамлекеттик университети да бар. Өзгөчө макамдын негизги максаты - окуу жайды 4-муундагы университетке трансформациялоого өбөлгө түзүү болуп саналат. Президенттин тапшырмасы боюнча жакынкы беш жылдын ичинде биз кескин кадамдарды жасап, дүйнөлүк рейтингдеги алдыңкы университеттердин катарына кирүүбүз керек. Бул макам академиялык, финансылык жана башкаруу саясатынын эркиндигин берип, окуу жайдын бийик максаттарын ишке ашырууга шарт түзөт.

Өлкөдөгү бир топ окуу жайлар кайра түзүлүп, айрым институт, академиялар университеттерге бириктирилди. Ушул ирилештирүү саясатына ылайык түштүк аймагында юристтерди даярдаган ири окуу жай Ош мамлекеттик юридикалык институту, Ош шаарындагы №12 кесиптик лицейи, Ош шаардык клиникалык ооруканасынын эски аймагы менен бүтүндөй базасы ОшМУнун карамагына өттү. Бүгүнкү күндө бул мекемелердин аймагына ири курулуштар башталды.

## БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨ ТААНЫЙСЫҢ

Акыркы бир жылда кырктан ашуун окуу жай менен эки тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп, эл аралык байланышыбыз бир топ кеңейди. АКШ, Кытай, Малайзия, Германия, Франция, Польша, Түштүк Корея, Түркия, Россия, Казакстан, Өзбекстан мамлекеттеринин бир нече ЖОЖдору менен эки тараптуу кызматташуу келишимдерине кол койдук.

Алгачкы жолу ОшМУда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби түзүлдү. Мында эки жыл ОшМУда, эки жыл башка чет өлкөдөгү окуу жайда билим алып, эки университеттин дипломуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Кош дипломдуу эл аралык биргелешкен билим берүү программалары Кытай, Россия, Казакстан өлкөлөрү менен ийгиликтүү ишке ашууда. Ал эми Испания, Түркия, Германия, Корея, Өзбекстандын бир нече университеттери менен биргелешкен программаларды түзүү үстүндө иш-аракеттер жүрүп жатат. Кош дипломдуу билим берүү программаларынын саны 20га жакындап калды.





2022-жылдын декабрында ОшМУда Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин филиалы - казак тили жана маданияты борбору ачылды. Жакынкы күндөрдө Евразия улуттук университетинин базасында ОшМУнун филиалы ачылат.

Окуу жай академиялык мобилдүүлүк жана интернационалдаштыруу багытында дагы белгилүү ийгиликтерге жетүүдө. Жыл сайын 500гө жакын студент (магистрант), 300гө жакын окутуучу академиялык мобилдүүлүк боюнча дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү 282 университетке барып, окуп, тажрыйба алмашып келүүдө.

## ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА - ЖАГЫМДУУ АТМОСФЕРА

Өткөн окуу жыл ичинде 20дан ашуун окуу корпустар, жатаканалар, башка курулуштар заман талабына ылайык курулуп жана ондоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

* Димедиус жана морфология окуу комплекси эки кабаттуу эки окуу имараты курулду.
* ОшМУнун жогорку билим берүү программалар мектебинин беш кабаттуу окуу имараты салынып, пайдаланууга берилди.
* "Билим" лицейинин үч кабаттуу окуу имаратынын курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди.
* Медициналык клиниканын операциялык, жандандыруу жана хирургия бөлүмдөрү, стоматологиялык клиника ишке кирди. Тез жардам унаасы алынды.
* Медицина факультети үчүн эки, эл аралык медицина факультети үчүн эки заманбап лекциялык залдар пайдаланууга берилди.
* Медицина факультети толук капиталдык ондоодон өттү.



* "Ак-Буура" кампусунда спорттук аянтчалар заман талабына ылайык модернизацияланды.
* Искусство факультетине кошумча окуу корпусу курулууда.
* Учурда табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинде ветеринардык клиниканын, "Ак-Буура" кампусунда беш кабаттуу окуу-лабораториялык корпустун курулушу жүрүүдө.
* Жакынкы күндөрдө теология факультети үчүн спорт комплекси курулуп баштайт.
* ОшМУнун курамына өткөн №12 кесиптик лицейинин жанына "Жаштар борбору" курулат.



## ОшМУ - САНАРИП МЕЙКИНДИК

Санарип чөйрөсүндө бардык кыймыл-аракеттер толук түрдө электрондук форматта ишке ашууда. Электрондук журнал, электрондук силлабус, электрондук архив, электрондук жадыбал, электрондук айланма баракча, электрондук табель, электрондук оорукана, онлайн шайлоо системасы, "ОшМУ окутуучу", "ОшМУ студент", "ОшМУ абитуриент" тиркемелери реалдуу иш-аракеттерде колдонулууда. ОшМУдагы санарип платформасын өлкөдөгү башка ЖОЖдор келип үйрөнүп, практикалап жатышат.

## ОшМУ - ИЙГИЛИККЕ ШЫКДАНДЫРАТ

Университеттин негизги көрсөткүчү сапаттуу бүтүрүүчү болуп саналат. Андыктан өлкө башчыбыздын тапшырмасына ылайык ОшМУда атайын ойлоп табуучулардын чоң ордосу болгон "Жаштар бизнес паркы" түзүлүп, иштей баштады. Бул борбор-студенттердин ойлоп табууларын, долбоорлорун ишке ашырууга ыңгайлуу база.

"Университет-ОшМУ" волейбол кесипкөй кыздар профессионалдык клубу Кыргыз Республикасынын волейбол федерациясы тарабынан уюштурулган кыз-келиндер арасындагы клубдар аралык VIII ачык чемпионатында жана КР волейбол боюнча Президенттин кубогунда быйыл чемпион аталды. Аталган команда түштүк аймагында

жалгыз волейбол клубу болуп эсептелет.

КР волейбол боюнча жогорку лигасындагы клубдар аралык мелдеште ОшМУнун “Университет-ОшМУ” волейбол кесипкөй балдар клубу вице-чемпион болду.

Бир гана ОшМУда эң мыкты билим алган 10 студент ар жылы 1200$ стипендия ала алат. Ал стипендия өмүр бою университетте эмгектенген меценант агайдын колдоосу менен ишке ашууда. Ошондой эле 22 студент жыл сайын Окумуштуулар кеңешинин стипендианты болот.

Студенттерди колдоо максатында олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 млн сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлүп келет.

## ОШМУ ГОРИЗОНТТОРДУ КЕҢЕЙТЕТ

Эл аралык таанууга ээ болуш үчүн көз карандысыз аккредитацияга жана рейтингге катышуунун мааниси чоң. Бул багытта университеттин жамааты бир нече жылдан бери QS дүйнөлүк рейтингинде системалуу иштерди аткарууда. ОшМУ университеттердин дүйнөлүк рейтингдерине кирүүнүн үч жылдык жол картасын түзүп, анын үстүнөн иштөөнү баштады.

Университетибиз НААР аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттиги тарабынан өткөрүлгөн “Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтинги” программасынын жыйынтыгы боюнча ГЕНЕРАЛДЫК рейтингде катары менен беш жыл 1-орунду камсыздап келет.

## ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛАШТЫРУУ

Төртүнчү муундагы окуу жай ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛАШТЫРУУ - компоненттерин бирдиктүү ишке ашырышы керек. Билим берүү программалары, илимий изилдөөлөр, долбоорлор өндүрүшкө багытталып, жергиликтүү социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошуусу абзел.

Жогорку окуу жайларга илим-изилдөө багытында өзгөчө талаптар коюлду. Ар бир изилдөө, илимий эмгектер жана долбоорлор өндүрүш менен тыгыз байланышта болуп, ЖОЖ-илим-өндүрүш компоненттери бирдикте ишке ашырылышы керек.

Акыркы эки жылда илимий долбоорлор үчүн 17 млн. сом өлчөмүндө каражат бөлүндү.

Алгачкы жолу 5 багытта PhD докторантура ачылып, иштей баштады.

Илимий журналдарынын ишмердүүлүгү Open Journal System (OJS) платформасына өткөрүлдү.

Окуу жайды өндүрүштүк университетке айлантуу максатында Билим берүү жана илим министрлигинин “Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр: секторду өнүктүрүү” программасынын алкагында ОшМУда "Алдыңкы тажрыйба борбору" ачылды. Борбордун биринчи кабатында окуу-өндүрүштүк комплекс үчүн тигүү цехтери, программалык жабдуу менен камсыздоочу өндүрүштөр орун алган. Экинчи кабатында региондордогу колледждерден билимин жогорулатуу үчүн келген мугалимдер, конок лекторлор, академиялык мобилдүүлүк багытында келген студенттер үчүн конок бөлмөлөр бар. «Окуу-өндүрүштүк комплексттен» даярдалган өндүрүштөр ОшМУнун фирмалык дүкөнүнө сатыкка чыгат.

Бүгүн ишенимдүү, туруктуу, креативтүүлүк менен бийиктикке багыт алган ОшМУда 18 факультет, эки институт, бир эл аралык жогорку билим берүү мектеби, алты колледж, бир илим изилдөөчү институт, эки академия, алты мектеп-гимназия, медициналык клиника, 22 эл аралык борбор, 11 жатакана, Ысык-Көлдө “Үмүт” пансионаты, Ошто “Ак-Буура” эс алуу жайы, студенттик профилакториясы бар.


ОшМУ - башталгыч билим берүүдөн тартып докторантурага чейинки заманбап билим берүүнүн бардык баскычтарын өзүнө камтыган кластерлик мекеме.











# QSke кирүү мындан ары да өнүгүүбүзгө жол ачат

QS рейтингин уктуңуз беле? Уккан болсоңуз сизде: "Рейттингге катышуу биз үчүн канчалык маанилүү?"- деген суроо жаралган болуш керек. Бул суроого жоопту ОшМУнун Улуттук жана Эл аралык рейтингдер бөлүмүнүн башчысы Максат Тотобаев кенен жооп берет.

## QS – дүйнөдөгү эң чоң авторитеттүү университеттер арасында рейтинг чыгаруучу агенттик

QS – дүйнөдөгү эң чоң авторитеттүү университеттер арасында рейтинг чыгаруучу 3 агенттиктин бири. Агенттик Лондондо жайгашкан. Экинчи агенттик ARWU же болбосо Шанхай рейтинги деп коет. Аты айтып тургандай Кытай өлкөсүндө Шанхайда жайгашкан. Үчүнчүсү Times Higher Education. Ош мамлекеттик университети жакын арадан бери QS рейтингине кирүүгө аракет жасап жатат. QS рейтинги университеттердин дүйнөлүк рейтингден сырткары, регионалдык рейтингдерди дагы чыгарат. Мисалы Азия, Латын Америка, Европа өлкөлөрүнүн университеттеринин рейтингдери. Азия региону дагы бөлүнөт, Чыгыш Азия, Борбордук Азия, Түштүк Азия, Түштүк-Чыгыш Азия региондоруна. Борбордук Азия мамлекеттерине Казахстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Таджикистан, Туркменистан республикаларынын университеттери катышат. QS рейтингинин өзүнүн индикаторлору бар, алар региондорго жараша айырмаланып турат. Биринчиси – репутациялык индикаторлор, экинчиси – илимий метрикалык-индикаторлор, үчүнчүсү – билимдин сапатын караган индикаторлор, төртүнчүсү – университеттин интернационалдашуусу. Биринчи, репутациялык индикаторлорду карасак – репутациялык индикаторлордон экөө бар, булар академиялык репутация жана жумуш берүүчүлөрдүн арасындагы репутация. Академиялык репутация (бедел) – бул академиялык чөйрөдөгү эксперттерден ОшМУ жөнүндөгү пикири. Экинчиси жумуш берүүчүлөрдүн окуу жайга карата пикирине маани берилет. Үчүнчүсү илимий эмгектер, эмгектерге шилтемелердин берилиши, макалалардын саны жана региондордо канчалык мааниси бар экендигин изилдейт. Төртүнчүсү Азия рейтингине жаңы киргизилген индикатор, эл аралык илимий жумуштар. Чет өлкөлүк окуу жайлар менен бирге аткарылып жаткан илимий изилдөөлөр. Ош мамлекеттик университетети дүйнөнүн башка окуу жайларында: "Канчалык деңгээлде, кандай илимий изилдөөлөрдү алып баратабыз?"- деген суроону беребиз.

## Маалыматтын көп тилде чыгуусу да өзгөчө мааниге ээ

Билимдин сапатына кайрылсак мугалимдин студенттин санына болгон катышы. Канчалык аз окуучу бир мугалимге туш болсо, ошончолук билимдин сапаты жогору дегенди билдирет. Илимий даражалуу мугалимдердин жана чет өлкөлүк мугалимдердин санына да маани берилип каралат. Быйылкы жылдан тартып академиялык мобилдүүлүк программалары да рейтингди аныктоого катыша баштады.

Интернет желелеринен издеп жаткан учурда ОшМУ жөнүндө маалыматтын көп тилде чыгуусу да өзгөчө мааниге ээ. Окуу жайдын сайтына канча адам кирип окуп жаткандыгы, өнүгүү процесси, кызыктуулугу, туруктуулугу, өнүгүү максаты, дүйнөлүк маселелердин каралышы да мааниге ээ. Ден соолук, таза суу сыяктуу глобалдык маселелерди да окуу жай изилдеп, түшүндүрүү иштерди жасап жаткандыгына көңүл бурулат.

## 2019-жылы рейтингге катышууга мерчемдүү кадамдар ташталган

QS рейтингине окуу жайдын кайсыл тармагында иштебесин ар бир кызматкер катышат жана окуу жайдын беделин аныктайт. Рейтингде жогору болуубуз үчүн аткарыла турган бир топ жумуштарыбыз бар. Өзгөчө статус алганга чейин да 2019-жылы рейтингге катышуу планыбызды иштеп чыгып мерчемдүү кадамдар ташталган. Өзгөчө статус алгандан кийин бул рейтингден жогору көрсөткүч менен чыгууга милдеттендирилдик.

QSke кирүү үчүн долбоор иштелип чыгып, жол картасын аныктап алуу алдында турабыз. Ар бир жумушка өзүнчө маани берилип, так даталары менен белгилеп, аткарылышын көзөмөлгө алабыз. Кыска мөөнөттөгү жана узак мөөнөттөгү иш аракеттерибизди бөлүп карап ийгиликтүү кадамдарды жасайбыз. Убакытты талап кылган (илимий изилдөө) иштеринин да убакыттарын так аныктап алууга тийишпиз.

## Чет өлкөлүк иш берүүчүлөрдү көп катыштыргандыгыбыз биз үчүн пайдалуу

Рейтигди аныктоо учурунда улуттук жана эл аралык академиялык кызматкерлердин тизмесин жана байланышуу даректерин беребиз. Ал жерде кызматкерлердин электрондук почтасына суроолор келип түшөт. Сурамжылоодо аты-жөнүн толтуруп,



берилген суроолорго жооп берет. Ошондой эле сурамжылоо жумуш берүүчүлөрдөн да суралып алынат. Мында чет өлкөлүк жумуш берүүчүлөрдү пикирлерине өзгөчө көңүл бурулат. "Эң мыкты окуу жай деп кайсыл университетти тандайсыз?"-деп суроо коюп 10 же 20 тизме түзүлөт. Эгер көпчүлүк жооптор ОшМУну тандаган болсо биз үчүн эң жакшы жыйынтыгын берет. Рейтингди аныктоодо чет өлкөлүк иш берүүчүлөрдү көп катыштыруубуз биз үчүн пайдалуу. Чет өлкөлүк окуу жайларда ОшМУнун көргөзмөлөрүн уюштуруу, адистиктерди жарнамалоо жана абитуриенттерди алып келүү, онлайн курстар, онлайн конференцияларды уюштуруу биз үчүн абдан пайдалуу болот. Ал үчүн ар бир кызматкер татыктуу эмгек жасап, талбай иштеп туруусу керек. Бул маселеде илимий изилдөө иштери өзгөчө көңүл чордонунда болот.

## Эл аралык маданий иш-чаралардын өтүүсү өзгөчө мааниге ээ

Маданий багытта да дүйнөдөгү башка окуу жайлар менен кызматташуу мааниси бар. Мисалы, ОшМУнун искусство факультетинин таланттары башка окуу жайга барып концерттик программа тартууласын. Ал жерде кыргыз маданиятын, ОшМУнун мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп берсин. Эл аралык конкурстардан байгелерди, номинацияларды алсын. Ар бир жетишкендик биз үчүн татыктуу упай болуп эсептелет. Бул тармакта ушул убакытка чейин да ийгиликтер болуп келген. Бүтүрүүчүлөрүбүздөн өлкөгө таанылган ырчылардын, өнөрпоздордун чыгуусу да маанилүү. Эл аралык маданий иш-чаралардын, конкурстардын уюштуруулусу да бизге татыктуу пайдаларды алып келет. Дүйнөлүк аренага таанылуу үчүн иш-чаралардын көп болуусу жана жакшы болуусу абдан маанилүү.

## Аткарылган ишеничтер окуу жайга позитивдүү пикирлерди алып келет

Окуу жайыбызда эмгектенген кызматкерлер жетекчилик, профессордук окутуучулук курам сөзсүз түрдө рейтингде татыктуу баа алууга катышууга тийиш. Рейтинг бизди эл аралык окуу жай болуубузга алып келет. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде татыктуу орун алуу, окутуучулардын санын жана сапатын өстүрүү менен студенттердин сапатын көтөрөбүз. Билимдүү жана зирек бүтүрүүчүлөр өлкөбүздү ар тармактан өстүрө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Региондордон келген студенттерди ата-энелер бизге ишенип жөнөтүп жаткандыгын белгилеп айтабыз. Ишенимин актоо, татыктуу билим берүү, алган билимин пайдалануу жөндөмүн өстүрүү милдети биздин моюнубузда тургандыгын эске салабыз. Аткарылган ишеничтер окуу жайга позитивдүү пикирлерди алып келет.

## Сайттагы маалыматтар башка тилдерде да иреттүү жайгашуусу биздин деңгээлди көрсөтүп турат

Сайт боюнча сөз болгондо рейтингде изилдөө иштерин жүргүзүп жаткандар англис тилиндеги макалаларды, маалыматтарды карашат. Окумдуулугу, негизги бетти карап бааларын берип, маалымат базасынын чондугуна көңүл бурушат. Мүмкүн болушунча пдф файлдарды илбей, текст же сүрөт түрүндө маалыматтарды берүүгө тийишпиз. QS рейтингге катышууда аларга керек болгон маалыматтын баары: маданий иш-чаралар, илимий иштер, жаңылыктар, кызматкерлер жана структуралар тууралуу маалыматтар окуу жайдын сайтында англис тилинде болуусу керек. Маалыматтар башка тилдерде да иреттүү жайгашуусу биздин деңгээлди көрсөтүп турат. Кандайдыр бир видео сайтка жайгаштырылса, ал видео кыргыз тилинде дейли бирок, субтитрлары англис тилинде болсо жакшы болот. Дүйнөлүк аренага чыгуу үчүн ушул маселелерге көңүл буруп, сайттын англисче версиясын иреттешибиз керек. Социалдык баракчаларыбызда да дүйнөлүк маселелерди камтыган берүүлөрүбүз берилип, сурамжылоо, түшүндүрүү иштеринин жүрүп туруусуна көңүл бурулат.

## Стартап – студенттин талантын ойгото алгандыгын айгинелеп турат

Стартап бизнес тармагында студенттердин жетишкендиктерин, идеяларын бышыруу базасы болуп эсептелет. Окуу жайыбызда окуп жаткан студенттердин идеялары биздин сапатыбыздан кабар берет. Университет студенттин өз алдынча иштей алуусуна, жигердүүлүгүнө, эмгекчилдигине канчалык деңгээлде салым кошуп, талантын ойгото алгандыгын айгинелеп турат.

QSке кирүү мындан ары да өнүгүүбүзгө жол ачып, дүйнөлүк аренага жетелейт. Ынтымак, кужурмөндук, талыкпаган эмгек максатка жетүүгө болгон аракетибиз.

**Дүйшөнбек Бектемир уулу**

# Киноакадемия - жаңы жүздөрдүн ордосу

**Кыргыз киносу 1941-жылдын 17-ноябрынан тарта бүгүнкү күнгө чейин бир канча жетишкендиктерге жетти. Алгач 1964-жылы режиссёр М. Убукеевдин “Тайгак кечүү” толук метраждуу көркөм фильми менен, кыргыз киносунун дүйнөлүк кино ааламындагы жашоосу башталды. Айрыкча 1960-1970-жылдары “Кыргызфильмде” Ч. Айтматовдун чыгармалары экрандаштырылып ал аркылуу кыргыздын белгилүү режиссёрлору: Б. Шамшиев, Т. Океев ж.б. дүйнөгө таанылып эмгек сиңиришкен. Ошондой эле С. Чокморов, Б. Бейшеналиев, С.Жумадылов, Д. Күйүкова, Б. Кыдыкеева, Т. Турсунбаева жана башка көптөгөн актёр-актрисаларыбыз кино ааламында өз ордуларын табышып, өчпөс тарых жаратышты. Бүгүнкү күндө улуу көчтү улап, келечек үчүн кино дүйнөсүнө жаңы жүздөрдү тартуулоо максатында ОшМУда Киноакадемия түзүлгөн. Киноакадемиянын ишмердүүлүгүнө кызыгып, жоопиздеп көрдүк. Сиз да ортоктош болуңуз.**


"Бакайдын жайыты" тасмасын тартуу учуру. Режиссер Төлөмүш Океев менен оператор Кадыржан Кыдыралиев

**ОшМУнун искусство факультетинин киноакадемиясынын НББП жетекчиси:**

## "Дасыккан актер кылып чыгарууга аракеттенип жатабыз"



-Киноакадемияда студенттер 5 жылдын ичинде, кино тармагы боюнча, кино режиссёр, актёрдук чеберчилик багыттарында бир группа кылып тармактуу билим берилет. Ар адистиктин тармагы боюнча кесипкөй окутуучулар иш алып барат. Биздин максат сапаттуу билим берүү, теория менен практиканы айкалыштырган, иш жүзүндө окуу усулдук колдонмолорду пайдалануу үстүндө, жетекчиликке атайын каттарды даярдап, кино тартууга керектүү техникалык жабдыктарды, машыгуу үчүн шаймандарды сатып алуунун алдында турабыз.

Тармак жаңы ачылгандыктан кыйынчылык, кемчилик, жетишпестиктер болуп жатат. Гуманитардык илимдердин керектүүсүн берип, ашыкчасын алып, кайрадан иликтеп, сапаттуу толук кандуу адис кылып чыгарууга тийишпиз. Кино дүйнөсү, сахна маданияты түмөн түйшүктүү, чыгымдарды, убакытты талап кылган тармак. Эмгек жана талант менен ийгиликке жетүү мүмкүн.

**Кутман Шаршентегин ОшМУнун искусство факультетинин киноакадемиясынын окутуучусу:**

## "Өнөр адамдары менен иштөө абдан оор жана кызыктуу"

-



Азыркы учурда 60ка жакын студент билим алууда. Киноакадемиянын студенттеринин тажрыйбасын арттыруу максатында кыргыз классикасындагы, дүйнөлүк классикадагы чыгармалар ОшМУнун студенттерине, шаардыктарга, жалпы көрүүчүлөргө тартууланып келе жатат. Мар Байжиевдин “Төрт адам”, “Он экинчи күн”, Жалил Садыковдун “Өлүп тирилгендер”, Чынара Калыбекованын “Наристелер чаңырыгы” драммалары тартууланган. Учурда кыска даректүү тасмаларды тартып, коомчулукка тартуулоо алдында турабыз. Белгилүү актерлор келип, атайы масстер-класстар уюштурулуп, кеп-

Жаштык буд - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



кеңештерин студенттер менен бөлүшүүдө. Республикалык "Жаңы ысымдар" кароо-сынагына катышып, ийгиликтүү орундарды, номинацияларды алып келе жаткандыгы бизди кубандырат. Өнөр адамдары менен иштөө, аларды башкаруу абдан оор жана кызыктуу. Ар биринин өзгөчөлүгү, өзүнчө мүнөзү бирде таң калтырып, бирде кыйнап, бирде кубаныч тартуулайт. Студенттерибиз Ош улуттук драмма театрында, куурчак театрында кадимки кызматкер катары иштеп, көрүнүктүү тасмаларга, клиптерге тартылып, коомго өзүн актёр катары таанытып келе жатышат. Биздин студенттерибизден бир талант чыгып ОшМУну, Кыргызстанды дүйнөгө таанытып коюшу кеп эмес. Биз болсо ар бир студенттин талантын ойготуп, дасыккан актер болуп калыптануусуна аракеттенип жатабыз.

**Айсулуу Рахматова Киноакадемиянын студенти:**

## "Кино дүйнөсүнүн жаркыраган жылдызы болгум келет"



- Кино дүйнөсүнө окуучу кезимден кызыгып, ушул багытта билим улантуу жолумду Жала-Абаддан келип, ОшМУдан таап, окуп жатам. Ар бир студенттин кыялы менен максаты кесибинин мыктысы болуу эмеспи. Мен да Кино дүйнөсүнүн жаркыраган жылдызы болгум келет. Ата-энем дайыма колдоп, жардамын аябай келе жатат. Алардын тилегин жерде калтырбай, үмүтүн актоо парзым деп эсептейм. Киноакадемия материалдык-техникалык базасы бир аз жетишпегени менен студенттердин кызыгуусу, окутуучулардын билим сапаты жакшы деп айта алам.

**Нурилим Нурлан уулу Киноакадемиянын студенти:**

## "Эгер өзү чындап кызыкса келсин"



-2018-жылы орто мектепти бүтүрүп, кесип тандоодо ойлонуп, киноакадемияны тандап, чечим чыгарып, экзамен тапшырып, студент катары окуй баштадым. Азыркы учурда Киноакадемиянын режиссер адистигинде 5-курсунда окуп жатамын. Биздин бактыбызга жаңы ачылган тармак болуп, алгачкы студенттери болуп калдык. Окуйм деген студент театрдан, башка телевидениелерден мүмкүнчүлүк издеп, практика жүзүндө өздөштүрүп кетүүсү бышык. Окутуучулар колдон келген аракеттерин жасап, татыктуу билим берип келишет. Актёрдук өнөр, сүйлөө маданияты боюнча агайлар күчтүү.

Кино дүйнөсүнө келүүнү каалаган абитуриенттер үчүн "Эгер өзү чындап кызыкса келсин. Барып көрөйүнчү дегендердин жолу башка жакта"-деп айтар элем. Биздин группада 9 кыз, 9 бала тапшырып, азыр 2 эле кызыбыз калды, калганы турмушка чыгып, башка жактарга которулуп же окуусун таштап кетишти. Анча-мынча студент бул окууга чыдабайт. Чыдагандар ийгиликке жете алат.

**Калбай уулу Эркинбек Киноакадемиянын студенти:**

## "Окутуучуларыбыз кесиби боюнча мыктылар"



- 2018-жылы мектепти аяктап, эл катары өз кесибимди издей баштадым. Окуучу кезимде журналист болууну каалап, чындыкты айтып, коомго салымымды кошом дечүмүн. 2019-жылы Киноакадемияга тапшырдым. Ал учурда жаңы адистик, жаңы мүмкүнчүлүктөр жаралат деп окутуучулар шыктанып иштеп жаткан кези экен. Киноакадемия театр тармагына режиссёрлукка багытталган. Бирок мен журналистика тармагына өтөм деген ниетим бар. Кээ бир техникалык каражаттар жетишпегендигине байланыштуу, практика жүзүндө сырттан үйрөнгөн учурларыбыз бар. Мугалимдерибиз Кудайга шүгүр, кесиби боюнча мыктылар, тармакты кенен түшүндүрүп беришет.

**Бийгелди Апжапаров,**
**Жунус Асеков**

**Камчыбекова Динара, Күмүш медалынын ээси, ОшМУнун медициналык фокультетинин студенти:**

# «Күрөшүп жаткан учурумда 30 секунд мен үчүн 30 жылдай болду»



ОшМУнун медицина факультетинин 3-курсунун студенти Камчыбекова Динара Акылбековна «Көчмөндөр оюнунда» күрөштүн Дзюдо (алыш сомбо) түрүндө күмүш медаль алган. Динара 2001- жылдын 13-январь күнү Жалал-Абад облусунун Чаткал районунда жарык дүйнөгө келген. Спорт менен 6 жашынан бери машыгып келет. Биздин редакциялык топ каарманыбыз менен баарлашып кайтты. Кенинирээк төмөнгө көз чаптырыңыз.

## Атам өзүм теңдүүлөр менен күрөштүрүп

Спорттун бул түрү менен машыгуума атам түрткү болгон десем болот. Себеби, Чаткал жайлоосунда, атам өзүм теңдүүлөр менен күрөштүрүп, кызыктырып, кичине кезимен эле спорт дүйнөсүнө аралаша баштагам. Андан кийин мектепте баскетбол курама командасында ойноп жүрдүм. Ошол учурда Дзюдо боюнча машыгууларга катышып баштагандыгым үчүн 2 спорттун бирин таштоого аргасыз болдум. Убактым кетпесин деп сумкага баарын салып чыгам... Эрте менен сумкамы көтөрүп чыгып кеткен бойдон кеч кайтам. Ал сумканын ичинде негизги байлыктарым болгон китебим, халатым, спорт кийимдерим бар. Сабактан чыгып дароо машыгууга баруу убактысын текке кетирбей өзүм менен бирге алып жүрөм. Айрым учурда 1, 2 пара сабак болбой калган учурда гана бошоп калам. Спортчулардын тамак-ашы абдан кылдаттыкты талап кылат. Газдалган суу, тез даярдалуучу тамактар, өтө көп куурулуп бышкан азыктар, кукси, чипси сыяктуу нерселерден мүмкүн болушунча алыс болгонубуз оң. Туура тамактануу машыгуудан да биринчи орунда турат. Медицина факультетинде агай-эжекелер талапты катуу койгондуктан окууну да машыгууну да тең алып кетүүгө аракет кылам. Агай-эжекелеримдин айрымы колдоп турса, айрымы талаптарды катуу койгондору да бар. Бир топ мугалимдер мени колдоп күч кубат берип, мелдеште жүргөн мезгилде түшүнүп, дем-күч берип турушат. Бизде Медициналык факультет адамдын ден соолугуна байланыштуу болгондуктан, өтө тартип күчтүү. Күчүм жетишинче тренировканы да, окууну да, тең алып кетүүгө аракет кылам.

## Кыргызстандын атынан барганым үчүн толкундандым

Даярдык Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарында болду. Толкундануу бул жоопкерчилик десем болот. Кыргызстандын, ОшМУнун атынан барып жатканыбыз үчүн толкундануулар сөзсүз түрдө болду. Моюнунда чоң бир жоопкерчилик тургандай сезилет экен. Бул нерсе чындыгында да ошондой, Кыргызстандын атын алдыга чыгаруу да оңой эмес деп ойлодум.

## Мен азыр күрөшпөй чыгып кетсем жеңилип калам

Мен биринчи украин кызы менен чыктым, анда жакшы эле жыйынтык болду, ал кызды жеңдим. Андан кийин түркиядагы балбан кыз менен күрөшүп жаткан учурда, жеңип бараткам бирок, жеңип бараткан адамга караганда жеңилип бараткан адам күчтүүрөк чабуул жасайт, ал кыз жеңилип баратам деп мага каттуураак атака кылып салды. Мен болсо катуу жыгылбайын деп сол колуму





таянып алгам, колум ошол жерде иштебей калды. Врачтар келип "күрөшпөйсүң"-деп уруксат бербей коюшту. Бирок, "мен азыр күрөшпөй чыгып кетсем жеңилип калам" деп, колум иштеп атат баары жакшы, жакшымын деп болушунча врачтарды көндүрүүгө аракет кылдым, ошол 30 секунд мен үчүн отуз жылдай сезилди. Болгон күчүмдү топтоп Түркиялык балбан кыз менен күрөштүм. Ал кызды бар күчүм менен чапканымда кайра колум менен жыгылдым. Бирок, ал кызды жеңип, күмүш медалга ээ болдум.

**Айзирек Гадаева**

Жаштык буа - ЖИГЕР! НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# Ааламда кандай жаңылыктар болууда?



## Акылдуу таксилер

Кытай Эл Республикасынын Шанхай шаарында эл ташыган акылдуу таксилер иштеп чыгарылып, колдонууга берилди. Алар таксини чакыруу үчүн алгач тиркемени көчүрүшү керек. Андан соң ал өзүнүн дарегин жазып, кийин бара турчу жердин дарегин көргөзүшү керек. Бул таксинин өзгөчө кызматы анын өзү жүрүшүндө.

## Почточу роботтор

Жапон почто кызматы каттарды жана посылкаларды ташуу үчүн атайын почточу роботторду ойлоп чыгарышты. Алгач тургундар телефон чалганда алардын маалыматы киргизилет. Робот лифтке өзү чыгат андан соң клиенттер посылканы же каттарды салаарда сыр сөз жазышат.Работ жумасына 7 күн, 24 саат иштейт.

## Суутек менен жүргөн поезд

Дүйнөдөгү алгачкы суутек менен жүргөн поезд Германиянын Гамбург шаарынын четинде 100 чакырымдан ашык аралыкты басып өттү. Вордундагы суутекти чатырдагы атайын күйүүчү элемент аркылуу сырттагы кычкылтек менен байланыштырышкан. Поездин жүрүп турушу үчүн андан энергия өндүрүлөт. Ал учурда керектелүүчү майдын 20% үнөмдөйт.

## Окумуштуулар таш болуп катып калган байыркы таш баканы табышты

Таш болуп катып калган таш бака Испаниянын түндүк чыгыш жагынан табылды. Ал жер бетинде эң узак жашаган таш бака болушу мүмкүн.Анын узундугу 3,5 метрден ашып салмагы 2 тоннага жакын болгон. Демек анын салмагы кичинекей унаадай эле экен. Мындай таш бакалар 83 млн илгери Европанын субтропикалык аймагын байырлаган.

## Акылдуу датчиктер

Жаратка таңганда инфекцияны аныктай алган акылдуу датчиктер престевдүү деген эл аралык "Жеймс Дайсон" сыйлыгына татыды. Полшалык 3 студент дарыгерлерге жана бейтаптарга жарат кантип айыгып жатканын көрсөтүп турган "SMART HEAL" деген датчик ойлоп чыгышты. Алар сыйлык катары берилген акчаны клиникалык сыноолорго сарптап 2025-жылга барып датчиктерин сатыкка чыгарууну пландашууда.

## Кылмышкерлер кача албайт

Британиянын сырдуулук боюнча иш алып барган органы, жүздү тааныган беткаптарды чыгарган "Клерву Ейван" компаниясы кылмышкерлерди табуу үчүн атайын беткаптарды чыгарды.

**Канайым Акназарова**

# ШААР АРАЛАП

Президенттик кызматка отурган соң, өзүмдүн жан сакчыларыма шаар аралап, айланып, ойноп, сейилдеп келели дедим. Бир топ жерди кыдырган соң, бир ресторанга түшкү тамак ичүү үчүн кирдик. Биз шаардын борбордук ресторанына кирип отурдук, орундуктарга жайгашкан соң, ар бирибизден эмне даам тамак кааларыбызды сурашты. Бир аздан кийин, официант биздин тамактарды алып келди, ошол жерде бизден арыраак столдо официанттардын тейлешин күтүп жалгыз киши отурганын көрдүм. Ага да тамак алып келишкен соң, мен бир солдатка:

—Тиги кишиге барып айт, бизге кошулуп отурсун, - дедим.

Солдат барып менин сунушуму айтты. Ал киши турду да, тарелкасын көтөрүп менин жаныма келип отурду.

Ал адам тамак ичип жатканда колу, манжалары титиреп, башын тарелкадан өөдө көтөрбөй, жер карап тамактанып отурду. Тамак ичип болгон соң, менин жүзүмө карабай туруп, колун булгалап коштошуп кетмек болгондо, мен анын колун кыса кармап коштоштум, ал ресторандан чыгып кетти.

Солдат мага мындай деди:

—Мадиба, бу киши өтө оорукчан окшойт, тамак ичип жатканда колдору токтобой титиреп жатты.

—Андай эмес, колунун титиреши башка себептен, - дедим.

Алар таң калып карап калышты, мен айттым:

—Бу адам мен камалган түрмөдө кайтаруучу-страж эле, ар бир суракта мени кыйнап, уруп сабашканда, мен кыйкырып, кыйналып жатып, суу берчи деп сураар элем. Ал мага келип мыскылдап, күлүп, суу бермек түгүл башымдан ылдый сийип жиберет эле.


Ал оорукчан эмес, ал коркуп жатат, азыр Түштүк Африканын президенти болуп калды, мени эми түрмөгө тыгып, мага кылган кордукту өзүмө көрсөтөт, кордоп, мыскылдап өч алат деп ойлонуп жатат. Бирок, мен андай инсан эмесмин, менин мүнөзүм, этикам, андай жаман нерселерге жол бербейт, таалим-тарбиям өч алууда эмес. Акылдуу инсандар өч алууну ойлонбойт, өч алууну көздөгөндөр мамлекетти, элди бөлүп жарууга жол берет, а жарашууну издегендер калкты бириктирип, өлкөнү сактап кала алат.

**Нельсон Мандела**

# Психологиялык алтын кеңештер

Ар бирибиз бул тирүүлүктүн кызыгына кубанып, көңүлүбүз көкөлөп, тебетейибизди көккө ыргыта сүйүнүчкө батып, кудум эле ушул мүнөттөр өмүр бою бизди коштоп жүрө тургандай кудуңдап, шагдам жүрөбүз, бирок айрым бир учурдагы кысталыш келген кыйынчылыктар, эки бутту бир кончуга батырган сыноосу арбын иштер бирин утурлай бири келе калганда эле колунан дарбызы кулаган баладан өтүп кумсарып да кетебиз. Кез-кезде дүйнөдөн чоң жан дүйнөбүздүн эрки бизге баш ийбей, анан эле бир күнү толкуну тоо бузган сымал албууттанып, кайра мээлүүн шамалдай жайлана түшөт. Мунун баары эмнеден? Албетте, студенттик алтын доордун мезгилинде да кызыгы көп, түйшүгү арбын болгон турмушту баштан кечирип, кээде өксүп, кээде төбөсү көккө жете кубанып жашап келишүүдө. Демек, ар бирибизге табигый түрдө берилген мүнөз бар, аны психологияда адамдын темпераменти деп атайбыз жана алар ушундай мүнөздөмөлөргө ээ:

1. Сангвиник – шайыр, шатман, кабыл алуусу абдан тез, ыргактуу, эмоциялык абалы тез-тез кыймылга келип, тил табыша



билүүгө жөндөмдүү.

2. Халерик – кабыл алуусу чукул, аракети тез, кысталыш кырдаалдан чыгып кетүүчү күчкө эгедер.

3. Флегматик – кабыл алуусу салыштырмалуу тез болгону менен эмоциялык абалдан чыгуу жолун билбейт жана ыраттуулуктан оолак жүрөт.


4. Мелонхолик – эң бери дегенде эле өтө жай кыймыл ээси. Мындай типтеги адамдар эмоциялдык абалдан чыгуу кыйынчылыгына кабылышат жана акырын түшүнгөн мүнөз ээлери болушат.

Кайсы типтин каарманы экениңизди аныктап, ошого жараша эреже карманып, туура жагыбызды өстүрүп, кемчиликтерибизди кемитип, тек гана алдыга карай бара алуубуз кажет. Адам эң биринчи өзүнө-өзү мотивация бере билиши зарыл, андан ары ар кандай багыттан өзүнө сабак алып, үмүттүн үлгүсүн жандырса болот. Кыймылдуу жактан алганда ар нерсеге тез адаптация болуучу бул- адам баласы, андыктан “мен ушундаймын” – дегенге болбойт, сен ушундай эмессиң, өзгөрө алган, өзүн алдыга карай тарта алган, мыкты жана улуу күчтүн ээси экенибизди да унутпайлы. Ар дайым жакшылыкты жаялы, жамандыкты жоелу, жакшы иштердин ачкычы, жаман иштердин жапкычы, билимден акыл тапкан, бийиктикке жакындаткан жолдордун багыты менен ийгиликтин изги тилектери коштоп, орошон ойлордун ортоктошу болуу аркылуу студенттик доордун урунттуу учурларын тарых барагыбызга алтын тамгалар менен жазып калтыралы.

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# Күлүп кой...






Азыркы студенттер лекцияны тез жазып коюшат



Телефонумду алып койсо да экзамен тапшыра алам




Биз көзгө көрүнбөгөн учак жасап чыктык!

# Замандан артта калбайм дегендерге соцтармактагы 5 тренд

Күн сайын социалдык тармакта аудиториянын кызыкчылыгын кармаш үчүн күрөш жүрөт. Контент жаратууда компаниялар жаңы нерселерди ойлоп таап, өзгөчө болууга аракеттенишет. Бүгүн биз силерге, учурда эмнелер тренд болуп жатканын айтып беребиз.

### ВИДЕОКОНТЕНТ

Контенттердин арасында видео дагы эле биринчи орунда. Азыр адамдар клиптик ой жүгүрөт, аларга узак тексттин же сүрөттөрдүн кереги жок. Бекеринен Stories, Reels, Tiktok абдан популярдуу эмес. "Охват" түшүп кетпесин десеңиз, анда видеого өтүшүңүз керек.

### КӨП КАНАЛДАРГА КАТТАЛУУ

Бул тренд дагы деле актуалдуулугун жогото элек. Бүгүнкү күндө ар кандай соцтармактардын аянтчаларында болуу зарыл. Алардын саны канчалык көп болсо, ошончолук жакшы. Ошол эле киргизип жаткан контентиңиздин же маалыматтарыңыздын сапатына көңүл буруңуз. Бул тренд аудиторияңыз менен тыгыз байланышта болууга жардам берет.

### ЖАҢЫЛЫКТАРГА ДАРОО РЕАКЦИЯ БЕРҮҮ

Социалдык тармактарда күн сайын ар түрдүү контент жарыяланып турат. Бирок ошол эле учурда баары тез эле актуалдуулугун жоготуп, унутулуп калат. Сиз актуалдуу жаңылыктарга өз убагында жооп берип турушуңуз керек. Ошондо аудиториянын кызыгуусун сактап, жаңысын тарта аласыз.

### ГЕЙМИФИКАЦИЯ

Геймификация бир эле учурда бир нече артыкчылыктарга ээ: оюн көңүл бурдурат жана көбүрөөк аракетке чакырат, аудиториянын катышуусу жана берилгендик өсөт. Интерактивдүү форматтарды колдонуу менен колдонуучуларды жарнаманы сатып алууга тартса болот. Конкурстар, викториналар жана квесттерге көбүрөөк аудитория реакция берет.

### СТИЛЬ

Бул башка көптөгөн блогдордон айырмаланып, аудиториянын көңүлүн буруууга жардам берет. Азыр көбүрөөк чныгы жашоону көрсөтүү популярдуу болуп жатат. Андыктан, идеалдуулуктан кача берсе болот. Өзгөчөлөнүш үчүн өзүңүзгө таандык стиль ойлоп табышыңыз керек.

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезити
**Башкы редактору:**
ДҮЙШӨНБЕК БЕКТЕМИР УУЛУ

**Редакциялык кеңеш:**
А.Айтманбетов
Т.Алдакулов
М.Ниязалиев
З.Нуралиева
У.Омокеев
М.Маматжанов

**Редакциялык топ:**
Айзирек Гадаева
Канайым Акназарова
Даткайым Эртабылды кызы
Бийгелди Апжапаров
Жунус Асеков


**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 3350 Буюртма № 1713

# КРОССВОРД

Сиздерге жаңы жыл алдында адамзаттын кылымдар бою чындыкты издөөдөгү акыркы баскычы болгон кроссворд оюнун тартуулайбыз.




**Заманбап дүйнөдөгү адамдын эркиндиги кроссворд чечкен адамдын эркиндигине окшош: теориялык жактан каалаган сөздү киргизе алат, иш жүзүндө кроссворд чечилиши үчүн бир гана сөздү киргизиши керек**

1.Космостогу биринчи алкоголсуз суусундук эмне болгон?
2.«Кариб деңизинин каракчылары» тасмасында капитан Джек Воробейдин кемеси кандай аталат?
3.Көрүнүшү кооз болбосо да, курамында зыяндуу кошулмалары жок мөмө?
4. Дипломатиянын түрү көп, Черчиль, Жюппе , Примаков дипломотиянын дал ушул түрүнө кирген ,ал түр кайсы?
5....- Терең билимдүү адам?
6.Жер бетинде эң көп адамдар кайсы тилде сүйлөшөт?
7.Кайсы өлкө шоколадды көп керектейт?
8.Бул эң байыркы күү болуп эсептелет, аны Атилланын арманы деп да аташкан?
9. Унаа айдап баратканда телефон менен сүйлөшүү үчүн эмнени колдонсоңуз болот?
10.Македониянын апасынын аты ким болгон?
11.Чыныгы турмушта чагылдырбаган жазуучу?
12.Дал ушул аял ысымы Блантерге атак-даңк алып келген. Кайсы?
13.Сөздү жаттай албай, грамматикалык каталарды көп кетирген. Бирок китептерди казып окугандыктан, көркөм ойлому тез калыптанган. Эс тутуму абсолют болгон. 1 суткада 4 саат уктаган. 24 жашында генерал болгон. Денесинин баардык жерине ок тийип, тамтыгы чыгып кетсе да бир жанга билдирбептир, дарыланбаптыр. Сөз ким тууралуу болуп жатат?
14.Бул күүдө ааламдын кудуретинин чексиздиги, түбөлүктүүлүгү туюнтулат...
15.Даяр чыгармаларды коюп берүүчү?
16.Мектепте бир жылча окуган. Укукту өз алдынча үйрөнгөн да, университетти бүтүрүп, АКШга 16-президент болуп кул чулукту жоё алган инсан-?
17.Адамдардагы 5 сезимге окшобогон ички сезими?
18. Байыркы убакта суу сааты үчүн кандай сөз болгон?
19. Атактуу жомоктогу Тумбелинанын күйөөсү ким болгон?
20. Fe кайсы химиялык элементтин символу?

15.5,6.2,1.7,2.9,13.2,15,6.2,4.1__2.7,8.2,9.3__18.9,18.2__ 15.7,12.6,9.1,17.6__15.5,7.6,20.5,7.6,8.1,7.6,20.1!

Достор, эгер сиздер сөздөрдү туура таап чыккан болсоңуздар, анда бул сан менен туюнтулган жакшы сөздү табуу сиздер үчүн кыйын эмес. Анткени, бул табышмактуу сөз кроссворддогу тамгалардан куралган.

Жоопту жөнөтүп жатканда төмөнкүлөрдү толтуруңуз:
Аткарган________________________________;
Факультети_______________________________;
Тайпасы_________________________________;
Байланыш номери:________________________.

**Эртабылды кызы Даткайым (+996 703 757 371)**

# Сизге ийгилик!